# КЫРГЫЗ ТИЛИ БОЮНЧА ТЕСТТИК СУРООЛОР

**1. Түшүнүк кат кимге жазылат?**
- ата-энеге
- кесиптешине
- жетекчиге
- досуна

**2. *« Чечен эмнени айтуу керек, кайсыл жерде айтуу керек, кантип айтуу керек деген үч нерсени ойлонуу зарыл»* - кимдин сөзү?**
- М. Ломоносов
- Калыгул Бай уулу
- М. Т. Цицерон
- И. Ньютон

**3. Ташууга мүмкүн болбогон муун**
- аяк, улуу, аалам
- бала, улак, чычкан
- мектеп, студент, тарбия
- балка, спорт, желек

**4. Кайсы варианттагы сүйлөмдүн тыныш белгиси туура коюлган?**
– Кош… Ошондойбу.
- Бирөө барбы? – деген үн чыкты.
- Бали, жигиттер бүгүн жеңиш силердики.
- Бишкек – Кара-Балта, Бишкек – Сокулук, каттамындагылар кайда?

**5. Кайсы варианттагы сүйлөмдүн үтүр белгиси туура коюлган?**
- Күн жаады, кайра, ачылды.
- Кечээ Алтын, сен алып келбедиң беле?
- Же Артур, же Максат келет.
- Биз бара албайбыз себеби, билдирүү даяр эмес

**6. Чечендик өнөр оозеки баяндоодон эмнеси менен айырмаланат?**
- музыкалык аспаптар аркылуу өз оюн бере алуусу
- эки-экиден болуп айтышы менен
- ар кандай жагдайда даярдыксыз, кеп ишмердүүлүгүн көңүлүнө төп келтирип, уккулуктуу кылып аткара алышы менен
- экөө бир түшүнүк

**7. Өмүр баян кайсы учурларда жазылат?**
- ишке киргенде, иштен чыкканда

- жумуш убагында жетекчиге гана
- ишке киргенде, окууга өткөндө
- сапарга жөнөгөндө, кайтканда

**8. Арыз качан жана кандай максатта жазылат?**
- жумуштан кечиккенде, жумуштан бошогондо
- ар бир жумуш күнүндө
- жумуш убагында, бир нерсе тапшырганда
- жумушка киргенде, жумуштан бошогондо

**9. Түшүнүк кат арналышы боюнча кантип бөлүнөт?**
- ички жана тышкы түшүнүк кат;
- документтин аты жана текст;
- жөнөкөй жана татаал түшүнүк кат;
- документтин мазмуну жана тиркеме

**10. «Кыйкымчыл» деген маанини туюнткан туруктуу сөз айкашы.**
- кара кылды как жарган
- жумурткадан кыр издөө
- ак ниет
- төбө чачы тик турган

**11. Кайсы катардагы сүйлөмдө үтүрлүү чекит туура коюлган?**
- Жашоо оңой эмес, туугандар; андыктан ар бир кылган ишибизге жакшылап көңүл буралы!
- Менин келечекке чоң долбоорлорум бар; эң биринчиси - идеалдуу үй-бүлө системасын куруу ...
- Кыйналган учурларда; бири-бирибизге жардам беришибиз керек.
- Сыртта бороон-чапкын болуп жатат; байкуштун чапаны жука, чокою жыртык ...

**12. Кайсы варианттагы сүйлөмдө сызыкча туура коюлган?**
- Беш жерде беш - жыйырма беш.
- Биздин жетекчибиз - тажрыйбалуу.
- Соодагердин милдети кардарды - ыраазы кылуу
- Киреше бул ишеничтүү - булак.

**13. Кайсы варианттагы сөз ойду жыйынтыктоодо колдонулат?**
- Ыктымал
- Балким
- Айтор
- Менимче

**14. «… окуп-үйрөнүүнүн ыңгайлуу жолдоруна арналат» - деген сөз тизмеги кайсы подстилге тиешелүү?**
- пикирге
- чакырууга
- аннотацияга
- буйрукка

**15. Кайсы катардагы сүйлөмдүн тыныш белгилери туура коюлган?**
- Алымбек, Исхак, экөө тең, чыгаан жигиттер.
- Айбектин, апасы, бухгалтер болуп иштейт.
- Сен да, мен да, ал да: баарыбыз бирдейбиз.
- Силер, жаштар, келечекте дүйнөнү башкарасыңар!

**16. Сүйлөм толуктоо. Дүйнөнүн ... кааласаң, өзүңдү ... башта (Махатма Ганди)**
- өнүгүшүн, өнүктүрүүдөн
- тартипке салууну, тарбиялоодон
- башкарууну, тарбиялоодон
- өзгөрүүсүн, өзгөртүүдөн

**17. Авансылык отчет эмнеге жазылат?**
- атайын бланкага
- кассалык ордерге
- коллективдүү түрдө баракка
- калдыгы көрсөтүлгөн бланкага

**18. Өндүрүштүк тапшырмалардын аткарылышына арналып жазылган иш кагазы –**
- атайын тапшырма отчету
- авансылык отчету
- мезгилдүү иштер отчету
- кызмат сапары отчету

**19. Кайсы варианттагы сөздөр туура жазылган?**
- эпилог, диалок
- налок, педагог
- пролог, монолог
- залок, демагок

**20. «Урматтуу», «Уюштуруу комитети» деген сөздөр кайсы иш кагазына тиешелүү?**
- чакырууга

- кулактандырууга
- арызга
- өмүр баянга

**21. Алдыда боло турган иш-чарага кабардар кылуу үчүн жазылган билдирүү?**
- чакыруу
- арыз
- көрсөтмө
- кулактандыруу

**22.Тил каттын формасы кандай?**
- кайрылуу, мазмуну, иш чаранын орду, убактысы
- тил каттын формасы эркин болот
- тил кат берүүчүнүн аты-жөнү, алынган нерсенин аталышы, саны, суммасы, датасы, колу
- тил каттын мазмуну, датасы, колу

**23. Өндүрүштүк мүнөздөмөнү ким жазат?**
- кызматкер
- катчы
- кесиптеши
- мекеме жетекчиси

**24. Мазмунуна карата отчеттун түрлөрүн белгиле**
- иш сапары, өздүк курам, мезгилдүү иштер, атайын тапшырма отчету
- атайын тапшырма, жооптуу жана авансылык, иш сапары отчету
- мезгилдүү иштер, негизги отчет, кызматтык, иш сапары отчету
- мезгилдүү иштер, атайын тапшырма, иш сапары, авансылык отчету

**25. Троптун түрлөрү кайсылар?**
- метафора, метонимия, аллитерация
- тезис, аннотация, баяндоо
- снекдоха, цитата, сүрөттөө
- сүрөттөө, баяндоо, ой жүгүртүү

**26. Илимий стилдин подстилдерин эмнелер түзөт?**
- радио-телеберүүлөр, курстук иш
- драма, очерк, жомок
- диалог, монолог, эпилог
- лекция, конспект, реферат

**27. "Бейадис мамиле" деген сөз айкашын кандай түшүнүүгө болот?**
- олдоксон мамиле
- үстүрт мамиле
- ишенимсиз мамиле
- жасалма мамиле

**28. Маанилүү саясий окуялар, иш аракеттер жөнүндө маалымат берген чыгарманын бир түрү**
- публицистика
- илимий макала
- монография
- көркөм чыгарма

**29. Өтмө мааниде турган туюнтмалар:**
- коомдук мамиле, эл аралык кызматташтык;
- демократиялуу коом, өзөк жалгоо;
- карагат көз, булбул Током
- жалгыз аяк жол, акыр заман

**30. Көркөм стилге мүнөздүү сүйлөм:**
- Муз эрип жатканда анын температурасы өзгөрбөйт.
- Көңүл буруңуздар, Сиздер түз эфирден көрүп жатасыздар.
- Сабакта класс, парталар, Шыбырап турчу билбесем.
- Бул справка, тиешелүү жерге көрсөтүү үчүн берилди.

**31. Көркөм стилге мүнөздүү тил каражаттары кайсылар?**
- канцеляризмдер, сепаратизация кубулушу, тыныш белгилер
- реквизиттер, говорлор, эпитеттер, литоталар
- эмоционалдык-экспрессивдик сөздөр, фразеологизмдер, троптор
- оозеки кепке мүнөздүү сөздөр

**32. Сүйлөм толуктоо.** ***... жаңырса - ... өзгөрөт. Бул ... чоң ... ээ болгонун көрсөтөт.***
- Адам \\ кызмат \\ жумуштун \\ байлыкка
- Эл \\ жер \\ адамзаттын \\ таасирге
- Мезгил \\ жыл \\ табияттын \\ кереметке
- Бийлик \\ саясат \\ кулдардын \\ күчкө

**33. Ишеним катка тиешелүү толук эмес сүйлөмдү аныкта.**
- … кечеге чакырабыз…
- … токтоо, эмгекчил…
- … кассадан акчаны алып коюшуна …

- мени окутуучулук кызматка…

**34. Иш кагаздары качан укуктук күчүнө кирет?**
- билбейм
- 3 күндөн кийин
- жазылган күндөн баштап
- жетекчинин колу коюлгандан жана бекитилгенден кийин

**35.** ***Жинди суу, ак молдо, балакай, ойсоке, былжыр*** **сыяктуу сөздөр кайсы стилге мүнөздүү?**
- илимий
- көркөм
- публицистикалык
- сүйлөшүү

**36. Илимий стилге мүнөздүү болгон сөз айкаштары:**
- жайдыр-кыштыр, деп аталат, химиялык касиети
- жарк-журк, колу ачык, рыноктук экономика
- өсүмдүктүн сабагы, уюлдук жаркыроо, айлананын борбору
- чоң сөрөй, сапсары жалбырак, кабыл алынсын

**37. Сын пикирге (рецензия) түшүндүрмө бергиле.**
- чыгарманан же докладдын маанисин кыскача туюнткан жобо
- актуалдуу маселелерди эл арасына жеткирүү
- ... илимий чыгармалардын мазмунуна карата экинчи тараптын ой-пикири
- ... илимий эмгектерге карата кыска түшүнүк берүү

**38. Публицистикалык стилге мүнөздүү сүйлөмдү белгиле.**
- … суулар батпай Ак-Буура ташып жатат
- Йоддун жетишсиздиги эмнеге алып келет?
- Кыргыз Республикасынын эгемендиги чектелбейт
- Университет учурдун техникалык базасы болгон компьютерлер менен камсыздалган

**39.** ***«Кыргыз Республикасынын экономикасын көтөрүү - көңүлдүн борборундагы маселе»*** **- бул сүйлөм кайсы стилге мүнөздүү?**
- публицистикалык стиль
- иш кагаздар стили
- илимий стиль
- көркөм стиль

**40.** ***Акт кайсы учурда жазылат?***
- фактылык материал жок болгон учурда
- ар кандай маселе тастыкталбаган учурда
- күбөлөрдүн кол коюшу зарыл  учурда

- буюм-тайымдарды, документтерди өткөрүп алууда

**41. Эсептен чыгаруу актысынын максаты -**
- ишинде финансылык же материалдык жетишпегендик болгондо
- болгон окуя, кокустук болгон абалды укуктук жактан тастыктоо
- ишин тапшырганда өзү тарабынан жазыларын тастыктоо
- буюм-тайымдардын жараксыз экендигин аныктоо

**42. Улантып жазгыла.** ***Текст бир жарым интервал менен терилсе, ... ... .***
- 10-15 мм ылдый аралыкта чекитсиз жана сызыкчасыз жазылат.
- кийинки сапка бөлүнүп жазылат
- тема менен тексттин аралыгы *үч* интервал болот.
- тема менен тексттин аралыгы төрт интервал болууга тийиш

**43. Дипломатиялык иш кагаздары булар:**
- келишим, нота, билдирүү, меморандум, дипломатиялык кызмат каттары
- арыз, түшүнүк кат, өмүр баян, кулактандыруу, жарыя
- келишим, ишеним кат, протокол, акт, буйрук, мыйзам
- токтом, жарлык, буйрук, көрсөтмө, акт, тескеме, протокол

**44. Сүйлөмдөрдүн ичинен тезисти аныктагыла.**
- Жерибиздин кооз жаратылышы элдик чеберлерди эң бир кооз буюмдарды жасоого шыктандырып тургансыйт.
- Элдик чеберлерде трафареттин жоктугу таң калыштуу факт болуп эсептелет.
- Кыргыз элдик өнөрү – өткөн мезгилдин байыркы мурастарынын бири
- Колунан көөрү төгүлгөн элдик чеберлердин жасагандары үй-бүлөнүн муктаждыктарын канааттандырган.

**45. Улантып жазгыла.** ***Буйрук мекеменин ишмердигиндеги негизги жана күндөлүк милдеттерди, ... ...***
- баяндаманын тексти кошо тиркелет.
- пландалган иштерди аткарууну көздөйт.
- иш чараларды чечүү максатында колдонулат.
- текшерүүнүн жыйынтыгын тастыктайт.

**46. Протокол кандай бөлүктөрдөн турат?**
- киришүү, негизги бөлүмдөрдөн
- негизги, угулду бөлүмүнөн
- угулду бөлүмүнөн
- сөзгө чыкты бөлүмүнөн

**47. Улантып жазгыла.** Толук протоколдо баяндамачы жана жарыш сөзгө чыккандардын сүйлөгөн сөздөрү, ... ... ...
- протоколдун көчүрмөсүндө берилет
- токтом кылынды бөлүмүндө жазылат
- берилген суроолор, алынган жооптор толук жазылат.
- протоколдун киришүү бөлүмүндө колдонулат

**48. Чечендик искусстводо эл алдына чыгып, кооз сүйлөөнүн классификациялары кайсылар?**
- тост сүйлөө өнөрү, айтыш өнөрү, сыйынуу кеби
- жарамазан ырлары, жамакчылык өнөр, кол өнөрчүлүк
- социалдык-саясий чечендик өнөр, академиялык чечендик өнөр, соттук өнөр
- жаңылмач айтуу, акыйнек, доклад окуу

**49. Фразеологизмдердин мүнөздүү белгилерин аныкта.**
- түз мааниде, сөз айкашы, компоненттүү
- компоненттери түз мааниде, составы туруктуу
- компоненттүү, составы туруктуу, образдуу, өтмө мааниде
- өтмө маанидеги жеке сөз

**50. Жазма кептин стилинин мүнөздүү белгиси:**
- сөздөр тандалып колдонулат, диалогдук кеп басымдуу, интонациялык бөтөнчөлүккө ээ
- сөздөрдүн орун тартиби сакталат, диалогдук кеп басымдуу, ой тез жетет
- көпчүлүккө арналат, монологдук кеп басымдуу, ой тез жетет, интонациялык бөтөнчөлүккө ээ
- көпчүлүккө арналат, сөздөр тандалып колдонулат, тыныш белгилер коюлат, монологдук кеп басымдуу

**51. Мимика, жаңсоо өзгөчө каражаты болуп саналган стилди белгиле**
- сүйлөшүү стили
- жазуу стили
- публицистикалык стиль
- илимий чыгармалар

**52. Илимий ___________– кандайдыр бир идеяны, лекциянын, __________, чыгарманын негизи бир маанисин кыскача туюнткан жобо. Ал көлөмү боюнча 2-3 беттен ашпаган, жабык түрдөгү __________, __________ жана __________бөлүктөрүнөн турган илимий текст болуп саналат.**

- аннотация / докладдын / башталышы / ортосу / аяктоочу
- наам / макалынын / келишүү / кызматы / жыйынтыктоочу
- тезис / баяндаманын / киришүү / негизги / жыйынтык
- конспекти / маалыматтын / ачылышы / негизи / акыры

**53.** ***Чет элдик делегация Бишкекте*** **– бул сүйлөм кайсы стилде колдонулат?**
- публицистикалык стилде
- сүйлөшүү
- илимий стилде
- көркөм стилде

**54.** ***«Айыл-чарбасын реформалоонун кийинки этабына элибиз зор демилге менен киришти»*** **- бул сүйлөм стилдин кайсы түрүнө мүнөздүү?**
- сүйлөшүү
- илимий
- иш  кагаздар
- публицистикалык

**55. Акт жазуунун башкы максаты эмне?**
- күбөлөрдүн сөзсүз болушун, кол коюшун тастыктоо
- уюмдун жетекчисинин буйругу менен комиссия тарабынан жазыларын тастыктоо
- болгон окуя, кокустук, болгон абалды укуктук жактан тастыктоо
- ишин тапшырганда өзү тарабынан жазыларын тастыктоо

**56. Адамдын эмгек, коомдук ишмердигин баалаган, анын оң жана терс сапаттарын чагылдырган иш кагазы - ?**
- мүнөздөмө
- ишеним кат
- өмүр баян
- арыз

**57. Улантып жазгыла.** ***Текст эки интервал менен жазылса, ... ... ... .***
- тема менен тексттин аралыгы төрт интервал болууга тийиш
- тема менен тексттин аралыгы *үч* интервал болот.
- 10-15 мм ылдый аралыкта чекитсиз жана сызыкчасыз жазылат.
- кийинки сапка бөлүнүп жазылат

**58. Боштукту кайсы сөз менен толуктасак, туруктуу сөз айкашы түзүлгөн болот? ...** ***кулак***
- куйма

- каш
- укпас
- делдең

**59. Уюштуруу-тескеме (расмий) иш кагаздарын белгиле.**
- келишим, нота, билдирүү, меморандум, дипломатиялык кызмат каттары
- тил кат, ишеним кат, протокол, акт, буйрук, мыйзам
- арыз, түшүнүк кат, өмүр баян, кулактандыруу, жарыя
- токтом, жарлык, буйрук, көрсөтмө, акт, тескеме, протокол

**60. Буйруктун кандай түрлөрү бар?**
- ишти кабыл алуу жана өткөрүп берүү боюнча
- расмий жана дипломатиялык иш кагаздары
- атайын тапшырмалар жана иш сапары боюнча
- өздүк курам жана жалпы ишмердүүлүк боюнча

**61. Чогулуштун качан өткөрүлгөндүгү, ага кимдер катышкандыгы, чогулуштун төрагасы, катчысы көрсөтүлөт. Протоколдо булар кайсы бөлүмдөн орун алган?**
- протоколдун негизги бөлүмүнөн
- протоколдун сөзгө чыкты бөлүмүнөн
- протоколдун угулду бөлүмүнөн
- протоколдун киришүү бөлүмүнөн

**62. Стенографиялык жана фонографиялык протоколдор качан колдонулат?**
- таймаштарда, диспуттарда, конкурстун жыйынтыгында
- группалык чогулушта, кеңешмелерде, профсоюздук чогулушта
- комиссиянын текшерүүсүнөн жыйынтыгын чыгарганда
- илимий жыйындарда, расмий жолугушууларда, курултайларда

**63. Татаал астрономиялык аттар кандай жазылат?**
- бардык түгөйлөрү кичине тамга менен
- биринчи түгөйү баш, кийинкиси кичине тамга менен
- түгөйлөрүнүн ар бири баш тамга менен
- бардык түгөйү баш тамга менен тырмакчага алынып

**64. Өздүк иш кагаздары ким тарабынан даярдалат?**
- жарандардын өздөрү
- мекеме жетекчиси
- типографиядан даяр формада келет
- мекеме же уюм

**65 Публицистикалык стилге мүнөздүү сүйлөм**
- Айда аба жок, ошондуктан, анда тиричилик жок.
- Тилдеги бардык сөздөрдүн жыйындысы лексика деп аталат.
- Эртең, 30-октябрда куратордук чогулуш болот.
- Биз өз өлкөбүздүн патриоту болууга тийишпиз.

**66 Сүйлөшүү стилинин милдети-**
- пикир алышуу
- доклад жазуу
- тезис түзүү
- маалымат жазуу

**67 Кептин тазалыгына кедерги болуучу көрүнүштөр**
- модалдвк сөздөр
- фразеологизмдер
- вулгаризмдер
- историзмдер

68 **«Уруксат берүүңүздү сурайм», «Документтердин көчүрмөлөрүн тиркейм».**
**Бул аныктамалар кайсы иш кагазына мүнөздүү?**
- чакыруу
- арыз
- кулактандыруу
- тил кат

**69 Адамдын эмгек, коомдук ишмердигин баалаган, анын оң жана терс сапаттарын чагылдырган иш кагазы**
- мүнөздөмө
- ишеним кат
- өмүр баян
- арыз

**70 «Угулду», сөзге чыкты, «токтом кылынды» деген сөз тизмектери кайсы иш кагазына мүнөздүү?**
- докладдык катка
- протоколго
- өздүк маалымкатка
- кызмат сапары отчетуна

71. **Күн тартибинде коюлган маселелер ирети менен талкууланат жана ар бир маселе үч бөлүк боюнча каралат. Протоколдо булар кайсы бөлүмдө орун алган?**
- пртотоколдун негизги бөлүмүнөн
- протоколдун киришүү бөлүмүнөн
- протоколдун угулду
бөлүмүнөн
- протоколдун сөзгө чыкты бөлүмүнөн

72.**Туура эмес жөндөлгөн сөздү белгиле.**
- актка, Минскке
- актыга, Минскиге
- актыдан, Минскиге
- актынын, Минскинин

**73. Комуз кандай бөлүктөрдөн турат?**
- чарасы, кулагы, мойну, капкагы, кылы
- кылы, жыгачы, тулкусу, усту, капкагы, тээк, жаасы
- капкагы, кулагы, кылы, куткун, тепкек,чара, моюн
- чарасы, жыгачы, кылы

**74. Макал-лакаптардын негизги касиети жана мааниси:**
- фразеологизмдер көркөм каражат катары колдонулат, макалдар андай касиетке ээ эмес;
- макалдар кээде сүйлөм, кээде сөз айкашы катары түрүндө кездешет;
- сүйлөмдүк туруктуу түзүлүшкө ээ, эл турмушунан алынат, дидактикалык мүнөзгө ээ;
- туруктуу сөз айкаштарынан турат, анын тутумун башка сөздөр менен алмаштырууга мүмкүн эмес.

**75. Медалдардын аттары кандай жазылат?**
- тырмакчага алынбай, биринчи сөзү баш тамга менен
- тырмакчага алынып, дефис аркылуу
- сөздөрү бирге, тырмакчага алынбай
- ар бир сөзү баш тамга менен

**76. Пикирге мүнөздөмө бер**
- басма сөз, радио, теле үчүн даярдалган кабар адабий чыгармаларга, илимий эмгектерге, сын көз менен карап жазылган баяндама
- китептин, макаланын мазмунун жазуу
- адабий чыгармаларга, илимий эмгектерге, сын көз менен карап жазылган баяндама
- саясий ишмерлер, көрүнүктүү адамдар, илимпоздор менен болгон маек

**77. Туура (орфографиялык жактан) жазылган катарды белгиле.**
- коюу, булгаары, педагогго, Калининградда, Салиевдин
- койу, булгары, педагогго, Калининградда, Салиевдин.
- коюуу, булгаары, педагогко, Калининградда, Салиевдин.
- коюу, булгаары, педагогко, Калининграда, Салиевдин.

**78. Татаал сүйлөмдүн кайсы түрү? Балага суук тийбесин деп, апасы ичик тигип берди.**
- себеп багыныңкы сүйлөм
- орун багыныңкы сүйлөм
- мезгил багыныңкы
- максат багыныңкы сүйлөм

**79. Жогорку жана атайын орто окуу жайларынын аталыштары туура жазылган катарды белгиле.**
- Кыргыз Республикасынын Билим берүү академиясы, Ош мамлекеттик университети;
- Кыргыз Медицина Акедемиясы, Өзгөн Медициналык Окуу Жайы;
- Кыргыз-Орусия университети, Кыргыз Тоо Металургия Институту;
- Кыргыз Улуттук университети, Ош Мамлекеттик университети;

**80**. **Туура жазылган адам аттарынын катарын белгиле.**
- Тоголок Молдо, Токтогул, Эмиль.
- Акыл карачач, Элтэгин, Молдонияз.
- Кыз Сайкал, Асел, А.Убукеев.
- Кызсайкал, Тоголок Молдо, Улан.

**81 Териден жасалган буюмдардын катарын ата.**
- супура, шырдак, ээр
- сабаа, көөкөр, чанач
- сабаа, көнөчөк, ала кийиз
- шырдак, ала кийиз, килем

**82 Текстте же сүйлөмдө чыгармалардын аттары кандай жазылат?**
- «Сынган кылыч» романы, «Кыргыз кызы » сүрөтү;
- Ашырбай драмасы», «Мөлмөлүм ыры»;
- Ак кеме керкем фильми, Революциянын каармандары монименти;
- «Кел-Кел романы, Боз салкын көркөм фильми».

**83 Фразеологизмдин маанисин белгиле.**

*Алымбек **ичине таруу айланбаган** жигит эле.*

- тымызын макулдашып алган жигит
- адамгерчиликтүү жакшы жигит
- башка адамга аябай ишенген адам
- өзүнөн башкага жакшылык кылбаган адам

**84 Кайсы сүйлөмдө орфографиялык катага жол берилген?**

- Востоковеттердин же болбосо чыгыш таануучулардын чоң конференциясы болуп өттү.
- Акылбек Самарович “Келечек” коомдук фондунун төрагасы болуп шайланды.
- Айлымдын атыр жыттуу абасын, жан жыргаткан салкын желин сагындым.
- Бүгүн колундан келип турган ишти эч качан эртеңкиге калтырба.

**85 Туура жазылган сөздөрдү белгиле.**

- бей адеп, күнгө, тузсуз
- туссуз, тамба, нацга ,
- бей адеп, күнгө, тузсуз,
- качты, ушсуз, карым май

**86 Туура эмес жазылган сөздөрдү белгиле.**

- Адам ата, Саяк, Отузуул
- солто, манасчы, Камбар ата
- Сарбагыш, гегелчил, Жалал-Абад
- Жаңы жыл майрамы, Нooруз майрамы

**87 Туура жазылган адам аттарын белгиле.**

- Асылбүбү, Ырыс, Жеңи жок
- Жаңыл Мырза, Айсара, Султанмурат
- Нургуля, Эльмира, Өмүр,
- Кожакмат, Салкын, Асель

**88. Туура жазылган тарыхый окуя, майрамдардын катарын белгиле.**

- Тегеран келишими, Орозо айт, 1-Май, Нооруз майрамы
- Тегеран Келишими, Орозо айт, 1-май, Нооруз майрамы
- Тегеран келишими, Орозо Айт, 1-Май, Нооруз майрамы
- Тегеран келишими, орозо Айт, 1-Май, Нооруз майрамы

**89. Муунга туура бөлүнгөн сөздөрдү белгиле.**

- Ба-кай, Көк-өт-ай, Ак-балта, Ка-ны-кей
- Ба-кай, Кө-кө-тай, Ак-бал-та, Ка-ны-кей
- Бак-ай, Көкө-тай, Ак-балта, Каны-кей.
- Ба-кай, Көк-өт-ай, Ак-балта, Ка-ны-кей.

**90. Туура эмес жазылган кош сөздөрдүн катарын белгиле.**
- курт кумурска, кайра кайра, бетме бет
- тамак-аш, мөмө-жемиш, ыйкы-тыйкы
- жол башчы, темир жол, оймо-чийме
- бал камыш, жооп бер, отуз-беш

**91. Кайсы варианттагы сөздөр жазуу эрежелерине ылайык жазылган?**
- ашчы,тилгат, Каракол
- карагат, тил кат, аччы ашчы,
- Кара – Кол, кара гат, ашчы
- ашчы, тил кат, каракол

**92. Тырмакчанын туура эмес колдонулган учурун тапкыла.**
- “Эгемендүүлүк” күнү, “Манас” ордени
- “Секом” басмаканасы, “Айнур” гулбагы
- “Тоолуктардын” кафеси, “Жеңиш” гезити
- “Алга” фабрикасы, “ Нарын” дүкөнү

**93. Тыныш белгилери туура коюлган сүйлөмдү тапкыла .**
- Мен сага азыр жардам бере албайм: дароо жолго чыгышым керек
- Мен сага азыр жардам бере албайм, дароо жолго чыгышым керек.
- Мен сага азыр жардам бере албайм – дароо жолго чыгышым керек.
- Мен сага азыр жардам бере албайм; дароо жолго чыгышым керек.

**94. Кайсы варианттагы сөздөрдүн бардыгы жазуу эрежелерине ылайык жазылган?** - - -
- кычкыл, ишенбөө,акшак
- туңгуюк, деңиз, дайра
- биларман, коён, аюуу
- токчулук, жекшенби, жомарт

**95. Кайсы катардагы сүйлөмдүн тыныш белгилери туура коюлган?**
- Улан агай айтты: “Жашоо – бул чоң сабак”.
- Улан агай айтты: - Жашоо – бул чоң сабак.
- Улан агай айтты – Жашоо – бул чоң сабак.
- Улан агай айтты: “ Жашоо бул чоң сабак.”

**96. Бириккен сөз катышкан сүйлөм кайсы вариантта?**
- Тайторунун жарышка чыгарылышынын себеби бар болчу
- Быйыл кыргыз эли үчүн ийгиликтүү жыл болду.
- Танабайдын өңү керсары тартып турду.
- Ал мага эмне себептен тикирейе карады?

**97. Түшүнүк каттын мазмунуна туура келбеген сүйлөмдү белгиле.**

- Ооруканада дарыланып жаткандыгыма байланыштуу, досум Эшматов Кайратка ишеним билдиремин.
- 2021-жылдын 27-октябры жумушка баралбай калдым.
- Бул күндөрү апам ооруп калып, ооруканада көзөмөлдөп отуруума туура келди.
- Медицина факультетинин студенти Айдаров Кубатбектен.

**98. Орфоэпия эмнени үйрөтөт?**
- тыбыштардын бөлүнүшүн
- туура жазууну
- туура окууну
- туура сүйлөөнү

**99. Кайсы катардагы сүйлөмдө алды сызылган сөз түз мааниде колдонулду?**
- Өтүгүң **тар** болсо, дүйнөнүн кеңдигинен не пайда.
- Айта турган сөзүмдү айтайын десем, бул жер **тар**ыраак болуп жатат.
- Көралбастык сапат ичи **тар**дыктан келип чыгат.
- Карап тур сени, **тар** жол, тайгак кечүүдө дагы салам айтышарбыз.

**100. Кайсы катардагы алды сызылган сөз "көңүлүн оорутуу" деген маанини туюндурат?**
- Кошунамдын **назарын сындырып албайын** деп, айтчу кептеримди такыр айта албай койдум.
- Назгүл дайым айланасын шаңга бөлөп жүргөндүктөн, **кабагына кар жааган** күнүн эч бир көрбөйсүң.
- Баласы мындай сөзү менен энесинин **келмесин оозунан түшүрдү**.
- Ата-энемди **сөзгө сөлтүк кылып** албайын деп, жакшылардын катарында жүрүүгө аракеттендим.

**101. Кайсы варианттагы сүйлөм туура куралган?**
- Устаты / кубанычын / шакиртинин / өчүргүсү / суу / сепкендей / келген жок.
- Устаты / шакиртинин / кубанычын / суу / сепкендей / өчүргүсү / келген жок.
- Устаты / шакиртинин / келген жок / кубанычын / өчүргүсү / суу / сепкендей.
- Устаты / суу / сепкендей / шакиртинин / кубанычын / өчүргүсү /келген жок.

**102. Кайсы варианттагы сүйлөм туура куралган?**
- Жалпы / ишке / колун / тийгизгендер / элдин / батасына / ээ / болушту.
- Жалпы / элдин / ишке / колун / тийгизгендер / болушту / батасына / ээ.
- Жалпы / ишке / элдин / колун / батасына / тийгизгендер / ээ / болушту.
- Жалпы / ишке / тийгизгендер / элдин / колун / батасына / ээ / болушту.

**103. Сүйлөмдөгү алды сызылган сөздүн маанилешин белгилениз.**

*Ишке тез эле аралашып, калчаган чүкөсү алчы конду.*

- тизгин талашты

- көлөкөгө тон бычты
- өз көмөчүнө күл тартты
- ити чөп жеди

**104. Сүйлөмдөгү алды сызылган сөздөргө карама-каршы маанидеги сөздөрдү белгиле.**

*Сулуулук **очот**, ал эми жылдыз **эч качан** өчпөйт.*

- оңбойт, бир күнү
- оңбойт, бир жолу
- өчпөйт дайыма
- өчпөйт, бир күнү

**105. Кайсы сүйлөмдө орфографиялык катага жол берилген?**

- Түңкү асмандагы жылдыздар бирнен-бири жаркылдашат.
- Колуңду сууга көп салба, кызым, ооруп каласын.
- Бүгүн күн чайыттай ачык.
- Бүгүн колуңдан келип турган ишти эч качан эртеңкиге калтырба.

**106. Сүйлөмдөгү алды сызылган сөз айкашын кайсы вариант менен алмаштырууга болот?**

И.Арабаев, К.Тыныстанов, К.Карасаевдер – улуттук жазма маданиятыбыздын **коломтосун түптөшкөн** ири агартуучулар.

- очогун тутандырышкан
- пайдубалын тургузушкан
- кышын кынашкан
- планын түзүшкөн

**107. Кеп адеби деген эмне?**

- сүйлөөчүнүн жеке психологиялык адеп-ахлактык өзгөчөлүгүнүн күзгүсү;
- жатталган сөздөрдү көркөмдөп пайдаланып сүйлөй билүү;
- даяр кеп үлгүлөрүн жаттап алуу;
- баары туура

**108. Риторикалык суроону белгиле.**

- Өз Ата Мекенин душмандарча талаган төркүндөрүмдө эмненин абийири?!
- Бүгүн сабакка даярсызбы?
- Бул чыгарманы окуп бүттүңбү?
- Баары туура.

**109. Жалпылагыч сөздөр бир өңчөй мүчөлөргө карата кандайча орун алат?**

- Баары туура жооптор
- Бир өңчөй мүчөлөрдөн мурун келет;
- Бир өңчөй мүчөлөрдөн кийин келет
- Бир өңчөй мүчөлөрдөн мурун келип, өзүнөн кийин кош чекит коюлат;

**110. Кепте диалектилик жана орой сөздөрдү колдонуу катанын кайсы түрү?**

- стилдик;
- орфографиялык;
- стилистикалык;
- пунктуациялык.

**111. Адамдардын кесибин, бийлигин, өнөрүн ж.б. белгилерин көрсөткөн, энчилүү аттарга кошулуп айтылган сөздөр кандай жазылат?**

- кичине тамга менен: Курманжан датка, Алымбек датка, Ормон хан, Куйручук куудул
- Баш тамга менен: Курманжан Датка, Алымбек Датка, Ормон Хан, Куйручук Куудул
- кыскартылып: Курманжан д, Алымбек д, Ормон х, Куйручук к.
- энчилүү аттардан мурун: Датка Курманжан, Хан Ормон, Куудул Куйручук

**112. Тилде сөздөрдү кыскартуунун кандай ыкмалары бар?**

- аббревиатуралык, номенклатуралык, графикалык
- шарттуу кыскартуулар, баш тамгаларынан кыскартуу
- баш тамгалардан кыскартуу, башкы муундардан кыскартуу
- графикалык кыскартуу, баш тамгалардан кыскартуу
- номенкулатуралык кыскартуу, шартуу кыскартуу

**113. Кызмат тармагында, кызматка байланышкан маселени, анын айрым жактарын түшүндүрүү үчүн жетекчиге же жогорку органдарга жиберилүүчү расмий документ - …**

- тил кат
- мүнөздөмү
- арыз
- билдирүү

**114. Коомдук-саясий маселелер кайсы стилдеги тексттин мазмунунда камтылат?**

- илимий стилде;
- публицистикалык стилде;
- көркөм стилде;
- иш кагаздарында.

**115. Кайсы катардагы экинчи жөнөкөй сүйлөм биринчи жөнөкөй сүйлөмгө карама-каршы мааниде турат?**

- Бүгүнкү бакытына манчыркаганча, эртеңки күнүңө кам көр.
- Алыстан келген меймандарга дасторкон жайып, этин туурап бергенче, алардын нускалуу кептерин тыншоодо.

- Жумушумда бир аз маселер болуп, үйгө кеч калып бардым.
- Биздикине келип, шашпай чай ичип, баарлашып олтурсак жакшы болмок.

**116. Биздин мектеп айылдын дал ортосунда жайгашкан. Ал үч кабаттуу. Класс-кабинеттер – чоң жана жарык. Ар бир кабинетте отуздан балага ылайыкталган орундуктар жайгашкан. Текст кептип кайсы түрүндө жазылды?**

- ой жүгүртүү;
- ой жүгүртүү;
- баяндоо;
- сүрөттөө.

**117. Кош сөздөрдүн ортосуна сызыкча туура коюлган вариантын тап.**

- сак - саламат, аман – эсен, эки – үч, акыл – насаат
- кол – жазма, басма – сөз, кара – гер, ден – соолук, үй – бүлө
- беш-бештен, темир-жол, ата-эне, үй-бүлө
- сак-саламат, эки-үч, басма-сөз, ата-эне

**118. Макалдын калган бөлүгүн тап. Акылдуунун акылы жугат, …**

- акылсыздын кесири жугат;
- акылсыз акылдууну башкарат;
- жаман муратка жеткирет;
- акылсыз калтырат уятка.

**119. Акыл оюндарына кайсылар кирет?**

- тогуз коргоол, табышмактар.
- улак тартыш, топ таш;
- кыз куумай, күрөш;
- аркан тартышмай, жоолук таштамай; .

**120. Айтылган ойдун аяктагандыгын, сүйлөмдүн маанилик түрлөрүн , эмоциялык өзгөчөлүгүн билдирген тыныш белгилерди тап.**

- ...
- ; ? ! .
- “ ”
- .?!

**121. Тыныш белги туура коюлган вариантты белгиле.**

- “Быйылкы окуу жылында олимпиададан алдыңкы орунга чыгышыбыз керек”, - деди окуу жайдын жетекчилиги.
- Быйылкы окуу жылында олимпиададан алдыңкы орунга чыгышыбыз керек деди окуу жайдын жетекчилиги.
- “Быйылкы окуу жылында олимпиададан алдыңкы орунга чыгышыбыз керек” - деди окуу жайдын жетекчилиги.

- "Быйылкы окуу жылында олимпиададан алдыңкы орунга чыгышыбыз керек", деди окуу жайдын жетекчилиги.

**122. Ээ менен баяндоочтун ортосуна тыныш белгинин туура коюлган учурун белгиле.**
- Гүл жакшысы – кызыл.
- Тиги көрүнгөн – Түп району.
- Мелдештен – жеңип чыккандар – алар.
- Макал сөз – атасы.

**123. Кеп процессинде пайда болгон маанилик-интонациялык бирдикти тап.**
- интонация
- басым
- синтагма
- муундарга бөлүү

**124. <u>Чындыгында</u>** , анын эч нерседен тартынбаган жагы бар. Асты сызылган сөздү эмне деп атайбыз?
- бөлүкчө
- байламта
- модалдык сөздөр
- жандоочтор

**125. Берилген үзүндү кайсы стилдин үлгүсүндө жазылган?**

III Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарына карата 270 таштанды салуучу урна даярдалат. Бул тууралуу Курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы мамлекеттик агенттигинин маалымат кызматы билдирди.
- публицистикалык стилдин
- илимий стилдин
- иш кагаздар стилинин
- сүйлөшүү стилинин

**126. Эки командага бөлүнөт. Оюн буйруктун негизинде башталат. Адамды кыймылга келтирип, тез чуркоого, айлакерликке, тапкычтыкка, эпчилдикке үйрөтөт. Колдон-колго узатууга, жардам берүүгө болот. Колдон, буттан, кийимден кармоого уруксат жок.**

Кайсы улуттук оюн жөнүндө кабар берет?
- Кыз куумай
- Ак чөлмөк
- Улак тартыш
- Ак чабыш

**127. Чечен кепти белгиле.**

- “Жараткандан үчөө гана өлбөйт: калдайган кара жер өлбөйт, аскасы бийик тоо өлбөйт, агыны катуу суу өлбөйт”.
- Бирге жүрсөм кыргыз тилин кадырлайм,
Бул тил менен иштейм, сүйлөйм, ыр ырдайм.
- Кой үстүнө торгой жумурткалаган мезгил келет.
- Бассам да, турсам да келечек тууралуу ойлойм.

**128. Өтмө маанидеги сүйлөмдү белгиле.**
- Кечээ чогулушка айылдын белдүү адамдары келип катышты.
- Байкуштун койлорунун бир тобу ооруп өлдү.
- Бычагың курч болбосо, малды кыйнап коёсуң
- Бул дарттын дабасын табуу.

**129.** ***Мугалим ... деп буйрук берди. ... басты, көз кысты кылып алып кетишти. Кылычын кармап, ... келди. Досум,______, куру бекер убара болбо!***
**Жогорудагы боштуктарга кайсы варианттагы омоним сөздөрдү катарынан койсок, мааниси туура болот?**
- сүйлө, коён, ал, кел
- отур, өтүк, душман, ойлон
- начар, боор, жаз, антпе
- жаз, бармак, кыш, кой

**130. Негизги мааниден тышкары бир нече мааниге ээ болгон сөздөрдү эмне деп айтабыз?**
- фразеологизмдер
- көп маанилүү сөздөр
- неологизмдер
- кош маанилүү сөздөр

**131.** ***Ата-энени сыйлагыла, алар силердин тирегиңер***
**- деген татаал сүйлөмдүн грамматикалык түзүлүшү кандай?**
- биринчи бөлүгү бир тутумдуу, экинчи бөлүгү эки тутумдуу
- эки бөлүгү тең бир тутумдуу жөнөкөй сүйлөмдөр
- биринчи бөлүгү эки тутумдуу, экинчи бөлүгү бир тутумдуу
- эки бөлүгү тең эки тутумдуу жөнөкөй сүйлөмдөр

**132. Омофондор кайсы катарда туура берилген?**
- тирүү-түрүү, жылуу-жулуу, адеп-адеп
- кулак-кулак, карта-карта, сок-сок
- тилдүү-дудук, бийик-аска, журт-жут
- ажаан, тажаал, албуут, ачуулуу

**133.** ***Мугалим географиялык картаны пайдаланып сабакты түшүндүрдү. Казы карта коноктрго гана коюлду.***

- омоформа
- омофон
- метонимия
- омограф

**134.** ***Эти ысып, көз ирмебей, бир апта үй-бүлөнүн тынчын алды.***
**-деген сүйлөмдүн бир сөзүнө синоним болгон сөзү бар сүйлөмдү белгиле.**
- Чыркырап качсам да, кармап келбедиңер беле?
- Улуу тоолор кымкар кыроо жамынып калган кез.
- Бул учур сөз менен айтылгыс учур эле.
- Өткөн жумада кат жазып жибериптир.

**135. Көнүгүү, тарагым, сабы, табуу –деген сөздөрдөгү өзгөрүү кайсы тыбыштардын ортосунда болду?**
- тыбыштар өзгөргөн жок
- к жана п тыбыштарынын
- үү, ым, ы, уу мүчөлөрүнөн
- сөздөрдү уңгу мүчөгө ажыратууга болот

**136. Текст деген эмне?**
- маани жана грамматикалык жактан байланышкан, тематикалык, стилдик, логикалык, бир бүтүндүктү түзгөн сүйлөмдөрдүн топтому
- ыр түрүндөгү сүйлөмдөрдүн тобу
- логикалык, стилдик жактан байланышкан сүйлөмдөр
- сүйлөмдөрдүн жыйындысы

**137. Үнсүз тыбыштар жасалуу ордуна карай кандай болуп бөлүнөт?**
- жумшак, каткалаң, уяң
- жарылма, жылчыкчыл, мурунчул, капталчыл, дирилдеме
- түгөйлүү,түгөйсүз, шуулдама, дирилдеме
- кош эринчил,эрин тишчил, уччул, түпчүл, орточул

**138. Антонимдер өз ара канчага бөлүнөт, кандайча?**
- экиге: семантикалык, лексикалык
- үчкө: толук, толук эмес жана контексттик
- үчкө:лексикалык, морфологиялык, синтаксттик
- төрткө:зат атоочтук, сын атоочтук, аныкточтук, бышыктоочтук
- экиге: семантикалык, лексикалык

**139. Төмөнкү сүйлөмдө кайсы вариантта архаизм колдонулган?**
- Бир дубан элге даңкы чыккан киши эле
- Кызыл кырманда күн-түнү болом.
- Уулуң өсөөрдө уулу жакшы менен коңшу бол
- Саргара жортсоң, кызара бөртөсүң

**140. Жалаң кууш үндүүлөр катышкан сөздөрдү белгиле.**
- окуучу, мугалим, класс
- кыргыз, ийри, бала-бакыра
- пальто, кийим, сумка
- күүлүү, телефон

**141. Омонимдер деген эмне?**
- мааниси бирдей,жазылышы башка
- карама-каршы сөздөр
- маанилеш сөздөр
- айтылышы жана жазылышы бирдей маанилери ар башка

**142. Сүйлөмдөн этиштин татаал формасындагы негизги этишти белгиле**.
***Ал ыйлаганын сездирбеске тырышып, көзүн жеңи менен басып, күүнү тыңшамыш болду*.**
- басып
- тырышып
- тыңшамыш
- болду

**143. Неологизм сөздөрдү белгиле.**
- билет, планета, убак, чака
- дүкөн, столовой, срок, маал
- дүйнө, далил, кыял, наркобизнес
- чипсы, шейпинг, дисплей, дискет

**144. Илимий стилге мүнөздүү практикалык иштер:**
- макала, реферат, конспект, цитата, диссертация, өмүр баян
- монография, мыйзам, акт, жобо, цитата
- конспект, цитата, мыйзам, акт,жобо
- реферат, конспект, цитата, монография

**145. Сөздүк кор (фонд) бул:**
- эне тилге гана мүнөздүү бардык уңгу сөздөр
- тилдеги бардык сөздөр
- сырттан кирген сөздөр
- неологизм сөздөр

**146. Үнсүз тыбыштар жасалуу ордуна карай канчага бөлүнөт?**
- 9
- 7
- 3
- 5

**147. Этиштин таттаал формалары кандай этиштерден жасалат?**

- кыймыл атооч, чакчылдардан
- чакчыл, атоочтук
- атооч, тактооч
- негизги,  жардамчы

**148. Архаизмдер деп эмнени айтабыз?**
- турмуштагы түшүнүктөр ошол бойдон калып, аны туюнткан сөздөр архаизмдер деп аталат
- коомдук турмуш, илим,техника, өнөр жай, айыл чарбанын өнүгүшүнө байланыштуу пайда болгон
- өз ордун башка жаңы сөздөргө бошотуп берген, тилдин активдүү сөздүк составынан биротоло чыккан сөздөр архаизмдер деп аталат
- коомдун өзгөрүшү менен сөздөрдүн эскеришип, колдонулбай калган сөздөр архаизмдер болот

**149.** ***Агам кечинде койлорго жемин берип, короого жайлады. Ошол түнү карышкыр келип, койлорубуздун бир тобун жайлады.***
**Сүйлөмдөрдөгү асты сызылган сөздөр антонимдин кайсы түрүнө кирет?**
- нагыз антонимдер
- энантиосемия
- оксюморон
- контексттик антоним

**150. Үндүүлөрдүн үндөштүк закону өз ара кандайча бөлүнөт?**
- бир сөз ичинде өзгөрөт
- тил күүсүнө, эрин күүсүнө карай
- бир сөз ичинде өзгөрөт
- бөлүнбөйт

**151. Публицистикалык стилге кандай белгилер мүнөздүү?**
- эмоционалдык-экспрессивдүүлүк
- тарыхый фактылардын болушу
- учурдагы коомдук маанилүү проблеманы көтөрүү
- көркөмдүүлүк

**152. Тилдин белгилүү гана территорияга таралып, жалпы элдик мүнөздө болбогон фактылары эмне деп аталат?**
- диалектизмдер
- архаизмдер
- историзмдер
- неологизмдер

**153.** ***Менин жакшы адам экенимди кайдан билдиңиз*****?**
**Ээсин тап.**
- ээси көмүскөдө

- жакшы адам
- адам
- менин

154. ***Букардын тоосу бурулуш,***
***Бурулуп учат улуу куш.***
-деген ыр сабындагы үндүү тыбыштардын баары жоон үндүү. Эмнеликтен ичке үндүү катышпай калды?
- сөз ичиндеги үндүү жана жумшак үнсүздөрдүн таасири болгондуктан
- каткалаң үнсүздөрдү жумшартуу үчүн
- сингорманизм закону, тил күүсү боюнча жалаң жоон үндүүлөр үндөштү
- сүйлөмдө жоон үндүүлөр топтоштурулган

**155. Ой жүгүртүү кайсы стилдеги тексттерге мүнөздүү?**
- публицистикалык стилдеги
- көркөм стилге
- илимий стилдеги
- көркөм, илимий, публицистикалык стилдеги текстке

**156. Тилдеги сөздөрдүн азыркы абалын, пайда болушун жана өнүгүшүн изилдөөчү тил илиминин бир бөлүгү эмне деп аталат?**
- лексика
- лексикология
- лексикография
- лексиколог

**157. Кеп ишмердүүлүгү кайсылар?**
- түшүнүү, ойлонуу
- угуу, окуу, сүйлөө, жазуу
- чындык, аң сезим
- тил жана ойлоо

**158. *Ыкчам*-деген сөздүн синонимин белгиле?**
- азамат, баракелде, бали, жаша
- байла, буу, таң
- дароо, ылдам, тез, бат
- жалгыз-жеке, бир

159. **Ф.Энгельс тилдин пайда болушун эмненин натыйжасында келип чыккан дейт?**
- эмгектин
- сырдык сөз теориясы
- сүрөт тартуусунун
- ымдоо-жандоонун

**161.** ***Сансыз гүлдөр жер бетинде жайнады.***
**-деген сүйлөмдө ээрчишүү байланышы кандайча ишке ашты?**
- жак боюнча ээрчишип, сан жак боюнча ээрчишкен жок
- ээрчишкен жок
- ээрчишип турат
- сан боюнча ээрчишип, жак боюнча ээрчишкен жок

**162. Кайсынысы илимий стилге кирет?**
- реферат, монография, доклад
- сөздүк, мүнөздөмө, арыз
- конспект, акт, доклад
- рапорт, акт, түшүнүк кат

**163. Коомдун өнүгүшүнө байланыштуу сөз маанилеринин кеңейишинен тилибизде кандай сөздөр пайда болот?**
- синоним сөздөр
- антоним сөздөр
- көп маанилүү
- өтмө маанилүү

**164. Этиштин татаал формалары кандайча жасалат?**
- этиштердин жана атоочтордун айкашуусу аркылуу жана экен, эле, бейм деген сөздөрдүн айкашуусу менен
- жөнөкөй этиштер аркылуу
- ыңгай жана мамиле этиштер
- өткөн чак этиш аркылуу

**165. Кыргыз адабий тилинде канча үндүү тыбыш бар?**
- 6
-14
- 8
- 22

**166. Үнсүз тыбыштардын окшошуусу деген эмне?**
- уңгу менен мүчөнүн составындагы окшош үнсүздөрдүн башка тыбышка өтүп айтылышы
- сөздүн составында жанаша айкалышта турган үнсүздөрдүн бири-бирине таасир этип өзгөрүүсү
- тыбыштардын орун алмашуусу аркылуу өзгөрүлгөн сөздөрдүн тобу
- үндүүлөрдүн таасиринде каткалаңдардын жумшаруусу

**167. Айтылышы боюнча окшошкон, бирок мааниси жана жазылышы боюнча айырмаланган сөздөр эмне деп аталат?**
- омофон
- синоним

- омограф
- омоним

**168. Татаал этиштин негизги кыймыл-аракетти билдирген бөлүгү кандай этиш деп аталат?**
- жардамчы этиш
- негизги этиш
- жөнөкөй этиш
- татаал этиш

**169. Архаизмдер менен историзмдер бири-биринен кандайча айырмаланат?**
- архаизмдер өзү эскирген менен түшүнүктөрү эскирбейт да экинчи бир сөз менен алмашкандыгы менен
- экөө тең колдонуудан чыгып, эскирген сөздөр
- историзмдер тарыхый гана чыгармаларда колдонгону менен өзгөчөлөнөт
- пассивдүү сөз катмарына кирет

**170. Ээрчишүү байланышы сүйлөмдүн кайсы мүчөсүнүн ортосунда болот?**
- баш мүчөлөрдүн
- баш жана айкындоочтордун
- аныктооч менен аныкталгычтардын
- толуктооч менен толуктагычтын

**171. Тил күүсүнө карай  үндөшүү кайсы мисалда көрүнөт?**
- китебим, дарыя
- балдар, кыздар
- самынга, асманга
- көз айнек, тил үйрөнүү

**172. Тең байланыш, багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм деген бөлүштүрүү эмнеге негизделген?**
- сүйлөмдүн ээ, баядоочторуна карай
- жөнөкөй сүйлөмдөрдөгү маанилик байланышка
- сүйлөмдөгү баяндоочтук формаларга
- сүйлөмдөрдүн маанилик байланышына жана байланышуу өзгөчөлүгү

**173.** ***Эл Атайга далайга чейин сонун күүлөрдү черттирип угушту.***
**-деген сүйлөм кандай кыймыл-аракетти билдирет?**
- узакка созулган кымыл-аракетти
- капыстан болгон кыймыл-аракетти
- адатка айланган кыймыл-аракетти
- узакка созулган кымыл-аракетти

**174. Публицистикалык стиль кептин кайсы түрлөрү менен тыгыз карым-катышта болот?**
- баяндоо, көркөм
- сүрөттөө, илимий
- сүрөттөө, көркөм
- баяндоо, ой жүгүртүү

**175. Төмөнкү сүйлөмдөрдөн өтмө маанидеги сөзү бар сүйлөмдөрдү белгиле.**
- Тилден бал  да тамат, уу да тамат.
- Жакшы менен жүргөн жарыйт, жаман менен жүргөн карыйт
- Талаанын көркү-мал менен, калаанын көркү –эл менен.
- Уяты бар адамдын, нуру болот бетинде.

**176. *Чыңгыз Айтматов белгилүү инсан.***
**–деген сүйлөмдүн тыныш белгисин кой.**
- Чыңгыз Айтматовдон кийин тире кетет, сызыкча коюлат
- белгилүү инсан: сызыкча коюлат.
- Айтматов инсан: сызыкча коюлат
- Чыңгыз белгилүү: кош чекит коюлат

**177. Кайсы мүчөлөр уңгуга уланганда үндөштүк законуна баш ийбестен өзгөрүүсүз калат?**
- көптүк жана жак мүчөлөр
- туруктуу мүчөлөр
- сөз өзгөртүүчү мүчөлөр
- жөндөмө мүчөлөр

**178. Үндүүлөрдүн таасири менен жумшарып кеткен тыбышы бар сөздөрдү тап.**
- көнүгүү, сабагы, тобу
- эненин, атасынан, кызы
- калемге, китепти, баатырды
- арыктын, килемге, балдарды

**179. *“Обьект”*-деген сөздө канча тыбыш, канча тамга бар?**
- 6 тамга, 6 тыбыш
- 6 тамга, 5 тыбыш
- 6тамга, 7 тыбышГ
- 5 тамга, 5 тыбыш

**180. Татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдү байланыштыруучу каражаттар кайсылар?**
- интонация жана модаль сөздөр
- байламталар жана жандоочтор

- интонация жана байламталар
- мезгилди көрсөтүүчү сөздөр

**181. Жалпы улуттук тилдин курамында жергиликтүү өзгөлүктөрдү берүү үчүн колдонулган тилдик көркөм каражаттар кандай аталат?**
- көркөм троптор
- фразеологизмдер
- историзмдер
- диалектизмдер

**182.** ***Жанында өлүм турса да,***
***Жалантып кылыч сунса да,***
***Жабыгып жүрөк кансырап,***
***Үмүткө тойбойт адамзат.***
**Стилдин кайсы түрүнө кирет?**
- көркөм стиль
- илимий стиль
- оозеки стиль
- публицистикалык стиль

**183. Заттын тышкы белгилерине, көлөмүнө, б.а бүтүндү бөлүк катары, бөлүктү бүтүн катары атоо менен пайда болгон сөздөр кандай жол болот?**
- метонимиялык жол
- лексикологиялык жол
- метафоралык жол
- синекдохалык жол

**184. Бирдей жазылган, бирок айтылышынан айырмаланган сөздөр:**
- омограф
- омофон
- омоним
- омоформа

**185. Тыбыш менен тамганын саны дал келбеген сөз кайсы?**
- балык, карагай
- топурак, сандык
- тоолуу, боёк
- жайында, коён

**186. Ырдан *н* тыбышынын *м* тыбышына өтүп айтылган сөздөрдү белгиле.**
***Ысык-Көл –кыргыз көлү шарпылдаган,***
***Көркүнө көктөн башка тартынбаган***
***Кылымдар колдон түшкөн маржан болуп,***

***Көрүнбөй тереңине жылтылдаган***
- көрүнбөй, тереңинде
- көркүнө, көктөн
- түшкөн, маржан
- көрүнбөй, тартынбаган

**187. Указ башка иш кагаздарынан эмнеси менен айырмаланат?**
- эл тарабынан талкууланбайт, президенттин жеке чечими боюнча ишке ашат
- негизги иш-чаралар белгиленет
- атуулдар үчүн кызмат кылат
- тышкы формасынан өзгөчөлүгү

**188. *Өрт чапчып чыккан аттар антаңдап дем алып, кээде токтой калып жатты.***
**-деген сүйлөмдөн этиштин татаал формасындагы негизги этишти тап.**
- чапчып чыккан
- дем алып
- жатты
- токтой

**189. Монографиялар, реферат, дипломдук иштер стилдин кайсы түрүнө мүнөздүү?**
- илимий
- публицистикалык
- көркөм
- иш кагаздарынын

**190. Этиштин татаал формалары кайсы сөздөр аркылуу жасалат?**
- го, ыя, экен
- эле, экен, бейм, беле
- болуптур, макчы, болот
- тур, калды, экен, жана

**191. «Колунан көөрү төгүлгөн» деген туюнтма мааниси боюнча төмөндөгүлөрдүн кайсынысына жакын?**
- колу катуу
- колу алтын
- колу ачык
- колу жука

**192. Тамак денени ... , китеп – рухтун ... .**
- чоңойтсо / кыялы
- азгырса / байлыгы
- тойгузса / азыгы
- байытса / өзөгү

**193. Кайсы вариантта көрсөтүлгөн талап туура коюлган?**
*Иш кагаздарын жүргүзүүдө төмөндөгү талаптар коюлат:*
- Адам аттарын, мекеменин аттарын кыскартып жазуу
- Көркөм сөз каражаттарын колдонуу
- Диалектилик сөздөрдү колдонуу
- Айтылуучу ойдун тактыгы, ачыктыгы, түшүнүктүүлүгү

**194. Сүйлөмдөрдөгү асты сызылган сөздөрдүн бардыгы кандай маанини берет?**
*Көзүн май басып, көпчүлүккө сөз болду.*
*Кошунам көкүрөгүн каккылап, көчөдө жүрөт.*
*Кечээки Самат көөдөнүн көтөрүп, ыңгыранып жүрөт.*
*Биздин Айгүл кыял күтүп калыптыр.*
- эркелөө
- менменсинүү
- сыркоолоо
- бойго жетүү

**195. Бир өлкөдө китепке болгон суроо-талап ... болсо, ал өлкөнүн элин сабаттуу деп ... .**
- жок/эсептөө күмөндүү
- көп/айтсак жаңылышабыз
- аз/айтабыз
- жок/белгилейбиз

**196. Туура вариантты белгиле.**
- иштэр, ысыыр, баштар, жүрөөр, ээрчир
- иштээр, ысыр, баштар, жүрөөр, ээрчиир
- иштээр, ысыыр, баштаар, жүрөр, ээрчир
- иштээр, ысыр, баштаар, жүрөр, ээрчир

**197. Улут өз тилинин кадырына ... , бөтөн тилдердин алдында ... болсо, улут катары ... анык.**
- татыбай/баш ийе турган/жашабагандыгы
- жетип/моюн сунбай турган/жаралышы
- жетпей/тизе бүгө турган/жоюлуп кетери
- татып/туруктуу боло турган/жөнгө салынбоосу

**198. - лык, - чы, - чылык, - чыл, - ист мүчөлөрү энчилүү аттарга уланса кандай жазылат?**
- жалпы атка өтүп, кичине тамга менен жазылат;
- баш тамга менен кашаага алынып жазылат;

- жогорку мүчөлөр энчилүү аттарга уланбайт;
- кичине тамга менен тырмакчага алынып жазылат.

**199. Өткөндү эстеп, келечекти күтө билгендигибиз үчүн биз ... .**
*(Ч.Айтматов)*
- тирүүбүз
- барбыз
- кубанычтабыз
- сыймыктанабыз

**200. Астрономиялык энчилүү аттардын туура жазылышы**
- Чолпон, Алтын Казык, Саманчынын жолу
- Чолпон, Алтын-Казык, Саманчынын жолу
- чолпон, алтын казык, саманчынын жолу
- Чолпон, Алтын-Казык, Саманчынын Жолу

**201. Ата-бабаларыбыздын бизге ... таштап кеткен тилибизди урпактарга ... - биздин ... .**
- мурас катары/ өткөрүп берүү/ милдетибиз
- сактоого/ сактап калуу/ максатыбыз
- салт боюнча/ калтырып кетүү/ парзыбыз
- байыртадан/ жеткирүү/ салтыбыз

**202. Боз үй - жалаң мал чарбачылыгын аркалаган эл ... жерде: мейли ... , мейли ... болсун, жашоого бирдей оңтойлуу шарт түзгөн үй.**
- үчүн ыңгайлуу/ суукта/ ысыкта
- туура көргөн/ жайлоодо/ кыштоодо
- эркин жүргөн/ тоолуу/ токойлуу
- үйрөнүп калган/ тоодо/ түздө

**203. Туура жазылган ирeттик сан атоочту белгиле.**
- бирөө, экөө, төртөө, жетөө
- 1-класс, №6-мектеп, 2-семестр
- ондогон, миңдеген, кырк чакты
- 2024-жыл, №20 көчө, 42-үй

**204. Биздин комуз ... арасында эң байыркы ... бири.**
- түрк элдеринин / музыкалык аспаптардын
- кыргыз калкынын / салттуу аспаптардын
- Орто Азиянын / руханий мурастын
- жергиликтүү калктын / маданий мурастын

**205.** ***<u>Ичке үзүлүп, жоон созулган</u>*** **убактан аман-эсен чыгып алсак, кийинкибиз жеңил болот.** *Жогорудагы жантык тамга менен белгиленген сөз кандай маанини туюндурду?*
- тамак-аш тартыш кезден
- кыштан
- токчулуктан
- күз мезгилинен

**206.** ***«Ак төөнүн карды жарылган заман»*** деген фразеологизмдин синонимин тап.
- жыргал заман
- кыйынчылык заман
- кырсыктуу окуя болгон доор
- ак төө өлгөн жыл, окуя

**207. Кайсы катардагы сөздөр туура жазылган?**
- кийет, чиет, боёк, жыяр, кеңейэт
- кийет, чийэт, бойок, жыйар, кеңейет
- киет, чиет, боёк, жыяр, кеңеет
- кийет, чийэт, бойок, жыйар, кеңейет

**208. Бири-бирине маанилеш эмес фразеологизмдерди белгиле.**
- ашкан чебер – колунан көөрү төгүлгөн;
- күлүн көккө сапыруу – ташын талкан кылуу;
- төбөсү көккө жетүү – ай жамалдуу;
- өкүнүү – бармагын тиштөө

**209. Илимий стилге мүнөздүү тил каражаттар:**
- тапшырылсын, жактырылсын, суранам
- буйрук кылам, токтом чыгарат
- айланайын, ойлосоң боло
- эгерде, андай болсо, болуп саналат

**210. Тыныш белгиси туура эмес коюлган сүйлөмдү тап.**
- Ырыс алды – ынтымак
- Жакшы адам – элдин көркү
- Билим – адамдын канаты
- Өнөр алды кызыл – тил болот

**211. Кайсы катардагы сүйлөмдө тыныш белги туура коюлган?**
- “Эл эмгегин жер жебейт”, - деген макал бар.
- Эл эмгегин жер жебейт: деген макал бар.
- Эл эмгегин жер жебейт, - деген макал бар.
- “Эл эмгегин жер жебейт”, деген макал бар.

**212. Сөздөр кайсы жоопто туура жазылган?**
*I. барар, келер, болор*
*II. бараар, келээр, болоор*
*III. жөнөр, санар, издер.*
*V. жөнөөр, санаар, издээр*

- I, IV
- II, IV
- I, III
- II гана

**213. Логикалуулук, түшүнүктүүлүк, тактык, стандарттуулук, абстрактуулук, ойдун жалпылангандыгы кайсы стилге таандык өзгөчөлүк?**
- сүйлөшүү стилине
- илимий стилге
- көркөм стилге
- публицистикалык стилге

**214. Рефераттын структурасын белгиле.**
- тапшыруу, кабыл алуу жана жыйынтыктоо
- мазмунуна карата баа берүү жана сыйлоо
- киришүү, негизги, корутунду бөлүк жана адабияттар
- киришүү, негизги жана токтом кылынды бөлүк

**215. Белгилүү бир мөөнөткө пландаштырылган же тапшырманын аткарылышы, илимий сапардын жыйынтыгы жөнүндө маалымат берүүчү документ –**
- өмүр баян
- ишеним кат
- тил кат
- отчёт

**216. Протокол жазылып алынышына карата кандай түрлөргө бөлүнөт?**
- кыска, толук, негизги, жыйынтыктоочу
- стеногрфиялык, негизги, жөнөкөй, көчүрмө
- кыска, толук, стеногрфиялык, фонографиялык
- киришүү, негизги, кыска, толук

**217. Аннотацияга түшүндүрмө бергиле.**
- ... илимий эмгектерге карата кыска түшүнүк берүү
- мекеме жана анын бөлүмдөрүндөгү ишти уюштуруу

- болгон абалды укуктук жактан тастыктоо
- чыгарманан же докладдын маанисин кыскача туюнткан жобо

**218. Илимий стилде активдүү колдонулган модалдык сөз:**
- Биздин пикирибизче
- Ырас, болжолу
- Менин оюмча
- Сенин байкашыңча

**219. «… жоопкерчиликтүү, ... кадыр-баркка ээ» деген сөз тизмектери кайсы иш кагазына мүнөздүү?**
- пикирге
- мүнөздөмөгө
- өмүр баянга
- ишеним катка

**220. Туура жазылган вариантты белгиле.**
- Адылбековтун, күп күндүз, педогогко, бей тааныш
- Адылбековтун, күпкүндүз, педогогго, бейтаныш
- Адылбековдун, күп-күндүз, педогогко, бей-тааныш
- Адылбековдун, күпкүндүз, педогогго, бейтааныш

**221. Иреттик сан атоочтун *-ынчы (-нчы)* бөлүгүн мүнөздөөчү тыныш белгисин көрсөткүлө.**
- үтүр **(,)**
- дефис **(-)**
- чекит **(.)**
- сызыкча **(–)**

**222. Тыныш белги туура коюлган сүйлөмдү белгиле.**
- К. Исаков: “Улуу муун – университеттин куту, орто муун – жүзү, жаштар – келечеги,” - деп айткан.
- К. Исаков - “Улуу муун – университеттин куту, орто муун – жүзү, жаштар – келечеги” деп айткан.
- К. Исаков; “Улуу муун – университеттин куту, орто муун – жүзү, жаштар – келечеги” - деп айткан.
- К. Исаков Улуу муун – университеттин куту, орто муун – жүзү, жаштар– келечеги, деп айткан.

**223. Кайсы учурда ээ менен баяндоочтун ортосуна сызыкча туура эмес коюлган?**
- Ош – Кыргызстандын экинчи борбору.
- Токтогул улуу – акын, композитор, устат

- Алимандан күткөнү – Касым.
- Беш жерде беш – жыйырма беш.

**224. Туура жазылган вариантты белгиле.**
- ден-соолук, үй бүлө, чач тарач, бала бакча
- ден-соолук, үй-бүлө, чач-тарач, бала-бакча
- ден соолук, үй-бүлө, чач тарач, бала бакча
- ден соолук, үй-бүлө, чачтарач, бала бакча

**225. Туура жазылган вариантты белгиле.**
- жокпу, айтба, айткан жок ко, ыссык нан
- жокбу, айтба, айткан жок го, ысык нан
- жокпу, айтпа, айткан жокко, ыссык нан
- жокпу, айтпа, айткан жок го, ысык нан

**226. Туура жазылган тамак-аш атарын белгиле.**
- боорсок, бешбармак, куурдак
- борсок, бешбармак, куурдак
- боорсок, беш бармак, куурдак
- борсок, беш бармак, курдак

**227. Туура жазылган вариантты белгиле.**
- ыракмат, ырахмат, ыразы, ыраак
- ырахмат, ракмат, ыраазы, ырак
- ыракмат, рахмат, ыраазы, ыраак
- ырахмат, ракмат, раазы, ыраак

**228. Туура жазылган вариантты белгиле.**
- теңтуш, адамзат, башаламан, ээнбаш
- тең туш, адамзат, башаламан, ээн баш
- теңтуш, адам зат, баш аламан, ээмбаш
- тең туш, адам зат, баш аламан, ээн баш

**229. Тамыр жаюу**
*Фразеологизмдин маанисин белгиле.*
- бекем орношуу
- тамыры көбөйүү
- тамыры жоголуу
- тамырын кыркуу

**230. Тилин тишине катуу**
*Фразеологизмдин маанисин белгиле.*
- жемелөө
- аз сүйлөө
- сыр айтпоо

- унчукпоо

**231. Таз кейпин кийүү**
*Фразеологизмдин маанисин белгиле.*
- жаңы шартка келүү
- чачсыз калуу
- мурунку абалына келүү
- күчсүз калуу

**232. Бетине көө жабуу**
*Фразеологизмдин маанисин белгиле.*
- бетине айтуу
- жаманатты кылуу
- бетме-бет келүү
- бетине көө сүртүү

**233. Рун жазмасы деген эмнени түшүндүрөт жана кайсы элге тиешелүү болгон?**
- сырдуу, табышмактуу дегенди түшүндүрөт, түрк элине
- сырдуу, табышмактуу дегенди түшүндүрөт, монгол элине
- жазма дегенди түшүндүрөт, түрк-монгол элине
- табышмактуу дегенди түшүндүрөт, кыргыз элине

**234. Жети атанын туура аталыш вариантын тап.**
- ата, чоң ата, баба, буба, куба, жото, жете
- ата, чоң ата, куба, жото, жете, баба, буба,
- уул, ата, атасы, чоң атасы, чоң бабасы, бубасы
- ата, чоң ата, баба, жете, буба, жото, куба

**235. Санжыра – ... Көп чекиттин ордуна тиешелүү жоопту кой.**
- уламыштык, мифтик багыты күчтүү чыгарма
- урпактардын аталышы
- адамдын күч жана акыл эмгегинин натыйжасы
- уруу, уруктардын, элдин келип чыгышы, таралышы, бөлүнүшү, тарыхы жөнүндө маалымат берген оозеки чыгармачылыктын бир түрү

**236. Орфография ... үйрөтөт.**
- туура окууну
- туура сүйлөөнү
- туура жазууну
- тыбыштардын бөлүнүшүн

**237. Сан атоочтор кайсы стилде көбүнчө жазуу менен берилет?**
- илимий

- көркөм
- публицистикалык
- иш кагаздар

**238. Сүйлөмдөрдүн ичинен көркөм стилге мисал боло алган катарды тап.**
- Көңүл буруңуздар, сиздер түз эфирден угуп жатасыздар.
- Б.Адылбеков факультеттин иштерине активдүү катышат.
- Берилген тема боюнча өз пикириңизди билдиришиңиз керек.
- Кийин чоңоюп, ары бери өткөнүңдө ушул тытка ийилип салам айта жүр, - деди атам.

**239. Кайсы катардагы сөздөр катасыз жазылган?**
- бейадеп, жыпжылуу, психологго, тузсуз.
- бей адеп, жып жылуу, психологго, тузсуз.
- бейадеп, жып-жылуу, психолокко, тузсуз.
- бей-адеп, жыпжылуу, психологко, туссуз.

**240. *Бүркүт, ителги, кыргый* ... жырткыч куштар**
Көп чекиттин ордуна кандай тыныш белги коюлат?
- сызыкча **(–)**
- үтүр **(,)**
- үтүрлүү чекит **(;)**
- кош чекит **(:)**

**241. Кайсы катардагы кыскартылган сөздөргө мүчөлөр туура уланган?**
- КРдин, БУУга, УАКтин
- КРнын, БУУге,УАКтын
- КРдин, БУУга,УАКтын
- КРнын, БУУге, УАКтин

**242. Төмөндөгү варианттардын ичинен туура жазылган катарын тапкыла.**
- Жон, Суречки, Умай эне
- Джон,Суречки,Умай Эне
- Джон, Сур эчки, Умай Эне
- Жон, Сур эчки, Умай эне

**243. Каш карайган мезгил бул - ... .**
*Жогорудагы сүйлөмдү толуктагыла.*
- каатчылык болгон кыйын мезгил
- күүгүм кирип, караңгы түшкөн мезгил
- буурул таң болгон мезгил
- иши жүрүшүп турган мезгил

**244. Мал ... сыртында, адам ... ичинде демекчи, анын жаман-жакшы экенин ылгоо кыйын.** *Берилген сүйлөмдү ылайык келген сөз менен толуктагыла.*
- аласы
- ниети
- жакшысы
- карасы

**245. Кайсы катарда орфографиялык ката бар?**
- Ар нерсенин башын баштап коюп, өзү жок болуп кетти.
- Эшикте сени кимдир бирөө күтүп жатат
- Жазгүл сага эч нерсе айткан жокпу?
- Жөн тура бербей бир демке дебейсиңби?

**246. Туура жазылган вариантты белгиле.**
- түңкү, баардыгы, тыйуу, койоюн
- түнкү, бардыгы, тыюу, коёюн
- түнкү, бардыгы, тыйю, коёйун
- түңкү, баардыгы, тыйуу, койойун

**247.** ***Окшоштуктар (Аналогия)***
***Жыл : декабрь***
- таң : түн
- ай : ноябрь
- саат : мүнөт
- жай : август

**248.** ***Студент : аудитория***
- окуучу : мектеп
- окуучу : китепкана
- окуучу : зал
- окуучу : класс

**249. Сөз : тамга**
- сан : цифра
- бак : бутак
- чөп : сабак
- өң : кызыл

**250. Илимпоз : билимсиз**
- өнөрпоз : жөндөмсүз
- ашпоз : жумушсуз
- комузчу : акчасыз
- мергенчи : олжосуз